*Nazik Erkinbek kyzy*

# Statement

## Osh Technological University

## 66th session of the Commission on the Status of Women

## Parallel event

## *"Inclusive Student Engaged Learning Model to Empower Mountain Women Globally"*

**March 21, 2022**

I am delighted and proud to participate in this event as a part of the 66th session of the UN Commission on the Status of Women. I am a student at Osh Technological University, which is located in Kyrgyzstan - a country where the number of mountain ranges reaches over 90% of the land. I grew up in this mountainous republic and understand the pressing problems which women and girls face here.

Mountains cover most of the earth's surface. Mountains are not only natural structures, they are also very important for human life. At least half of the world's population depends on mountain resources and are home to millions of people. In many mountainous areas within Kyrgyzstan winter snow accumulates, which gradually turns into water in spring and summer. In dry areas, hundreds of miles of this melted snow are used for irrigation. Unfortunately, due to increasing global warming, the ice that accumulates in the winter melts early, and the ice on the peaks has decreased leading to depletion of the reservoirs of water. In spring, the water from the mountains merges with the rain and turns the water into mud, which even cattle cannot drink. Due to poor water quality, ordinary women experience a number of negative health effects to the extent that they cannot give birth to children and become ill due to an incurable disease. In winter, they must desperately carry water from distant places many times dying, drowning or falling ill with a cold.

I have personally seen the rights of women being infringed. I was saddened by the fact that women in remote mountain areas of my country who were educated were neither allowed to work nor to fulfill their dreams, with even the forced marriages of young girls continuing. Working with Utah International Mountain Forum has given me many opportunities, including to learn through student engaged learning how to empower myself through group efforts with my peers. As one example, we were able to jointly celebrate the International Mountain Day celebration at Utah Valley University. I want to provide this opportunity to others by implementing a similar model at OshTU where students will work on practical problems together as one team and our teachers will help us as mentors. My presentation today is an evidence of students of OshTU implementing this model with our American colleagues.

Thank you

*Назик Эркинбек кызы*

**БИЛДИРУУ**

**Ош технолоогиялык университети**

***БУУнун аялдардын абалы боюнча комиссиясынын 66-сессиясынын***

**Параллелдик окуя**

***"Тоо аялдарынын укуктарын жана мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталган студенттердин катышуусундагы дүйнөлүк инклюзивдүү моделдик окутуу"***

**21 март 2022**

Мен БУУнун Аялдардын абалы боюнча комиссиясынын 66-сессиясынын алкагында бул иш-чарага катышып жатканыма кубанычтамын жана сыймыктанам. Мен Ош технологиялык университетинин студентимин, ал Кыргызстанда - тоо кыркалары жалпы аянттын 90% ашкан өлкөдө жайгашкан. Мен ушул тоолуу республикада чоңойгом жана бул жерде аялдар менен кыздардын курч көйгөйлөрүн түшүнөм.
и

Тоолор жер бетинин көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Тоолор бир гана табигый түзүлүш эмес, адамдын жашоосу үчүн да абдан маанилүү. Жер шарынын калкынын келинде жарымы тоо ресурстарына көз каранды жана миллиондогон адамдардын мекени. Кыргызстандын көптөгөн тоолуу аймактарында кышкы карлар топтолуп, жазында жана жайында акырындап сууга айланат. Кургак аймактарда бул эриген кардын жүздөгөн километри сугат үчүн пайдаланылат. Тилекке каршы, глобалдык жылуулуктун күчөшүнө байланыштуу кышында чогулган муздар эрте эрип, чокулардагы муз азайып, суу сактагычтардагы суунун азайышына алып келет. Жазында тоонун суусу жамгырга кошулуп, сууну мал иче албаган ылайга айланат. Суунун сапаты начар болгондуктан, карапайым аялдар бала төрөй албай, айыккыс дартка чалдыгып, ден соолугуна бир катар терс таасирин тийгизүүдө. Кышында алар сууну алыстан ташууга мажбур, ташкынга калуулары, суук тийип ооруган учурлары болот.

Аялдардын укуктары тебеленип жатканын өз көзүм менен көрдүм. Мени өлкө ичиндеги алыскы тоолу аймактарда жашаган билимдүү аялдарга же иштегенге мүмкүчүлүк берилбей, же кыялын орундатууга жол ачылбай жатышы, ал турсун күчкө салып үй-бүлөө курууга мажбурлаган учурлар кейитти. Юта штатынын Эл аралык тоо форуму менен иштөө мага бир топ мүмкүнчүлүктөрдү ачты, анын арасында өзүңдүн мүмкүнчүлүктөрүңдү кантип кеңейтүүнү студенттер менен аралашып, топтошуп иштөө аркылуу ишке ашырса болоорун көрсөттү. Мисал катары биз Юта өрөөнүнүн университетинде Эл аралык тоо күнүн биргелешип белгилей алдык. Мен ОшТУда студенттер бир команда болуп практикалык маселелерди чогуу иштеп, ал эми мугалимдерибиз бизге насаатчы катары жардам бере турган ушундай моделди ишке ашыруу аркылуу башкаларга бул мүмкүнчүлүктү бергим келет. Менин бүгүнкү презентациям ОшТУнун студенттери америкалык кесиптештерибиз менен бул моделди ишке ашырып жатканынын далили.

Рахмат